УДК 94: 947 1/575 2/0845

АЛЫМБЕКОВ К. А., ИБРАЕВ Ч. Т.

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

## АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ - ЭСЕРЛЕР ПАРТИЯСЫНЫН МҮЧӨСҮ

*Бул макалада эсерлер партиясынын түзүлүшүнө, жүргүзгөн саясатына, Абдыкерим Сыдыковдун эсерлер партиясына мүчө болушу анын келечектеги саясий ишмердүүлүгүнө жана тагдырына терс таасир эткендигине анализ берилген.*

Эсерлер же социал-революционерлер партиясы 1902-ж. түзүлүп, Россияда падышалык төрөлөргө каршы бир катар чуулгандуу террордук актылары менен атагы чыккан. Алардын ою боюнча, буржуазиялык системанын шартында дүйнөлүк катастрофа, кедейчилик, жакырчылык жана теңсиздиктен чыгуунун жалгыз жолу бунт жана революция болгон. 1917-жылга, 10 жылдык каторгалык тажырыйбадан кийин мурдагыдан алда канча максималист болуп келишкен. Революционер-профессионалдар, эски режимге каршы жек көрүү сезими ташкындаган мурдагы подпольенин кужүрмөн мүчөлөрү, падышачылыктын кулашын, Февраль революциясынын жеңишиндеги кубанычты түшүнүшкөн эмес.

1917-ж. жайында А.Ф.Керенский (эсерлер партиясынын мүчөсү) Убактылуу өкмөткө премьер-министр, партиянын кээ бир мүчөлөрү өкмөттүн курамына министрлик кызматтарга дайындалганда, партиянын ичинде «солчул» фракция түзүлгөн. Ал фракция, өз партиясын «мурунку касиеттерин жоготуп, буржуазия менен кызматташып кетти, жер реформасын артка тартып, кылмыштуу империалисттик согушту улантууда» деп күнөөлөгөн. Солчул эсерлер партиясы мүнөзү боюнча большевиктер партиясына жакын болушкан. Тактикалык ураандары: бийлик – Советтерге, жер – дыйкандарга, элге – тынчтык. Программалары: социализм, эмгекти план ченемдүү уюштуруу ж.б.

Эсерлер большевиктерди бардык иштердин башталышында активдүү колдошкон. Бирок, өздөрүнүн большевиктерди колдоосунда өлкөдө жүрүп жаткан процесттерге башкача маани беришкен. Бийликти басып алуу менен өздөрүнүн полномочиелерин жогорулатып жибererин билишкен, бирок ал революция жана элдин кызыкчылыгы үчүн жасалат деп өздөрүн сооротушкан.

Большевиктер менен эсерлердин ортосунда пикир келишпестик, акыркынын Брест тынчтыгын тааныбаганы менен башталган деген көз караш бар. Иш жүзүндө, келишпестик мурда башталган. Октябрь революциясынан эки жума өткөндөн кийин Петроградда бир канча буржуазиялык газеталардын жабылышына карата экөөнүн ортосунда жаңжал чыгат. ВЦИКтин заседаниесинде жер наркому Колегаев басма сөз эркиндиги боюнча эсерлер партиясы газеталардын жабылышына каршы экенин билдирген. Ага каршы Троцкий менен Ленин эсерлер социалист болбой калышты деп күнөөлөшөт. Азыраак артыкчылык добуш менен большевиктердин резолюциясы өтүп кеткен. Почта жана телеграф наркому Прошьян (эсер) бардык эсер наркомдорду отставкага кетүүгө чакырат. Анда конфликт эптеп токтотулган.

Башка келишпестик 1917-ж. декабрда большевиктер кадет партиясын мыйзамдан тышкары жарыялап, тыюу салган декрет чыгарганда келип чыгат. ВЦИКте кайра Пошьян протест жасап, кол тийбестик укука ээ Учредителдик чогулуштун депутаттарын камоо мүмкүн эместигин, эч кандай себепсиз кадеттер партиясына тыюу салууга эсерлер каршы экенин билдирет. Аны кайрадан толук революциячыл эмес деп күнөөлөшкөн.

Эсерлер кезектеги каккыны Ленинден өлүм жазасын расмий түрдө калыбына келтирүүгө каршы чыкканда алышат. Солчул эсерлер 1918-ж. январда Убактылуу өкмөттүн мурдагы министрлери – Кокошин менен Шингаревду өз алдынча ооруканада өлтүргөн матросторду жазалоону талап кылышат, бирок эч кандай сот процесси болгон эмес.

Солчул эсерлердин «революция үчүн» мындай бөлүк; бөлүк боюнча эпке келүүсү

1918-ж. жай айларында большевиктер партиясынын коалиция, демократия, мыйзам, коомдук пикир менен эсептешпей калганына алып келген. 1918-ж. июлда Москвада солчул эсерлердин козголоңу басылган. Солчул эсерлер менен большевиктердин ортосундагы башкаруучу коалиция кулап, эсерлер партиясына тыюу салынып, анын лидерлери камалып, сүргүнгө айдалып кээ бир лидерлери атылып кетишкен.

Туркестандагы солчул эсерлер россиялык жолдошторунан айырмаланып Москвадагы козголоңду айыпташат. Бирок бул алардын партиясын алдыдагы кууп таркатуудан сактаган эмес. Большевиктерге солчул эсерлер тең укуктуу союздаш катары эми кереги жок болчу.

Солчул эсерлер партиясынын мурдагы мүчөлөрүн большевиктердин катарына кабыл алуу жөнүндө жогортон түшкөн расмий көрсөтмө анын жергиликтүү уюмдарынын таркатылышын тездеткен.1918-ж. октябрда Жетисуу облусунда солчул эсерлер фракциясы менен большевиктер кошулушат. Ошол эле жылы 18-ноябрда Пишпекте 1680 большевик менен 1321 солчул эсерлер биригишет. 1919-ж. жай айларында Кыргызстандагы Советтер коммунисттик эмес партиялардын өкүлдөрүнөн биротоло тазаланган.

А.Сыдыков: «Менин коммунисттик партиянын катарына өтүшүм, акыркынын солчул с.-э.партиясы менен биригиши саясий кредомду биротоло түздү». Ал большевиктер менен акыр аягына чейин бармакчы болгон. Бирок коммунисттер үчүн ал убактылуу жолдон кошулган жолбун эле. Жогорку жазуудан байкоого болот, А.Сыдыковдун большевиктер партиясына өтүшү партиялардын биригиши менен шартталган аргасыз кадам болгонун.

Солчул эсерлер партиясы кыргыз саясатчыларын эмнеси менен өзүнө тартып турган? Баарынан мурда, кыргыз саясатчыларына солчул эсерлер падышачылыкка каршы чечкиндүү күрөшү, орус падышаларына бир канча жолу кол салуу демилгелери, даңктуу революциячыл салттары менен тартылган. Так ушул шарт (өзгөчө 1916-жылдан кийин) падышачылык ырайымсыздык менен эзген Туркестандагы эл массасы үчүн өзгөчө маанилүү эле.

А.Сыдыковдун солчул эсерлер партиясында мурда мүчө болушу анын келечектеги саясий ишмердүүлүгүнө жана тагдырына көптөгөн трагедиялуу окуяларды алып келген. Москвадагы солчул эсерлердин козголоңу басылгандан кийин, аларга контрреволюциялык, прокулактык уюм деген жардык тагылат. Эсерлерге каршы катаал агитация жана пропаганда жүргүзүлгөнү менен саны миллиондон ашкан массалык партияны жоюу оңойго турган эмес. Партиянын массанын алдында беделин түшүрүп, биротоло жок кылыш үчүн жаңы шылтоо талап кылынган. Москвалык көтөрүлүштүн бир звеносу жана ак гвардиячылар, казак орустар, Антанта менен бирдикте Совет бийлигин кулатууга багытталган жалпы солчул эсерлик заговордун составдык бөлүгү катарында карала турган жаңы козголоңду уюштуруу идеясы баарынан жакшы көрүндү. Эгер заговор жок болсо, аны ойлоп табуу же ага түртүү керек эле, ал үчүн большевиктер провокацияны оңой эле ойлоп табышмак.1918-ж. 17-октябрда Пишпек уездик Советинин алдындагы Революциялык трибунал токтом кабыл алат. Документтин келип чыгышы түздөн түз А.Сыдыковду жана Туркестандагы солчул эсерлик кыймылды саясий жактан дискредитациялоо менен байланышкан. Документте кыргыз большевиктеринин лидерлеринин бири Х.Хасанов А.Сыдыковду контрреволюционер – солчул эсер, «даярдалып жаткан» солчул эсерлерлик заговордун духовный лидери жана уюштурууучусу катары көрсөтөт. Бул чуулгандуу большевиктик провокация жөнүндө «Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктеринде» төмөнкүдөй жазылган: «Кыргызстандын большевиктик уюмдары, эмгекчилери социалисттик кайра түзүүлөрдү иш жүзүнө ашырууга, лениндик улут саясатын жүргүзүүгө тоскоолдук кылмакчы болгон солчул эсерлер менен буржуазиялык улутчулдарга каршы катуу күрөш жүргүзүшкөн. Өздөрүн дыйкандар партиясыбыз деп көрсөтүп,солчул эсерлер чындыгында

колонизатордук кулактардын, мурдагы чиновниктердин жана башка эксплуататордук элементтердин идеологдору болушкан жана ошолордун таламын талашышкан».

Солчул эсерлер партиясына көптөгөн оңчул эсерлер менен меньшевиктер, байлардын жана манаптардын өкүлдөрү киришкен, алар падыша өкмөтүнүн жана Убактылуу буржуазиялык өкмөттүн кезинен бери эле колонизаторлор менен байланышта болуп келишкен. Солчул эсерлердин таасирине түшкөн эмгекчилердин бир бөлүгү, эсерлердин чыккынчылык саясатынын бети ачылып ашкереленишине жараша, мына ушул майда буржуазиячыл демагогдордон кол үзүп, большевиктердин артынан ээрчишкен.

Жергиликтүү калктын эмгекчилеринин талабы боюнча контрреволюциячыл иш жүргүзгөндүгү үчүн буржуазиялык-улутчул «Алаш», «Шуро-и-Исламия» деген жана башка уюмдарга тыюу салынган.

«1918-жылы декабрдын башталышында Беловодск селосунда ак гвардиячылардын көтөрүлүшү чыгып,анан ал Пишпек уездинин батыш жагын жана коңшу Аулие-Ата уездинин кээ бир айылдарын кучагына алган… Козголоңчулардын башында солчул эсерлер менен алаш ордочулар турушкан, алар бай манаптардын, кулактардын, майда буржуазиянын ар түрдүү катмарларынын таламын талашышкан[1]»

Чындыгында, иш башкача болгон. Москвадагы козголоңду баскандан кийин большевиктер солчул эсерлерди репрессия жана кысымга алуу саясаты менен жазалайбыз деп коркутушуп, аларды большевиктерге кошулууга мажбурлашкан.Пишпек уездинде 66 солчул эсер, анын ичинде А.Сыдыков коммунисттик партияга кошулушкан. 1918-ж. 19-ноябрда РКПнын уездик-шаардык убактылуу комитети калган «солчулдар»боюнча мүнөзү жагынан кыйратууучу токтом кабыл алат. «Большевик-коммунист партиясына кошулбаган солчул социал-революционер партиясынын мүчөлөрү «солчулдар»эмес,алардын душмандары деп таанылсын,аталган партия мындан ары Пишпекте жана Пишпек уездинде жок деп жарыялансын,чогулушуна тыюу салынсын». 1918-ж. 1-декабрда солчул эсерлердин жергиликтүү партиялык уюмдары мыйзамдан тышкары деп жарыяланат.

Козголоңдун чыгышына экономикалык саясат да себеп болгон. Кызыл армиянын отряддарынын жардамы менен (бул максатта бир отряд атайын Беловодскийде жайгаштырылган)беловодскилик дыйкандардан эгинди такай экспроприациялоо, алардын абалын оорлоткон. Беловодскийликтердин баш аламан нааразылыктары башталган кезде койгон талаптарынын бири – селодон ошол отряды алып кетүү болгон.Ошол жазгы продразверсткада коңшу жайлашкан Лебединовка, Ново-Покровка ж.б. селолордун жашоочуларын үрөн менен камсыз кылабыз деген шылтоо менен Пишпек уездинин депутаттар совети беловодскийлик дыйкандардан 12миң пуд эгинди реквизициялаган болчу. Ошентип козголоңдун болушу бышып жетилип калганда большевиктердин солчул эсерлерди мыйзамдан тышкары деп жарыялоосу анын чыгышын тездетти.

Беловодскиде козголоң башталардан эки ай мурда ошол кезде Пишпек уездинде улут иштери боюнча комиссар, ошондой эле тергөө комиссиясынын жана жергиликтүү Ревтрибуналдын мүчөсү Х.Хасанов 1918-ж. 30-сентябрда Абдыкерим Сыдыков,Сатаркул жана Сыдык Жангарачев,Сейдахмат Чукин, Асанкул Чолпонкулов, Акматбек Койбагаров,Дөөлөтбек Кабылов,Азимбек Сагынбаев,Садыбакас Жандаевди «контрреволюциячыл иштери» айыптап иш козгоого аракет кылат.

Х.Хасанов айыптоо үчүн ыңгайлуу учурду тандап алган. В.И.Ленинге кол салынгандан кийин,аны эсерлер уюштурган террор деген шылтоо менен удаа эле 1918-ж.5-сентябрда РСФСР Эл комиссарлар совети тарыхта «кызыл террор» деп аталган токтом кабыл алат.Анда «ак гвардиячыл уюмдарга,заговорлорго,жана козголоңдорго

[1] Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктери, - Фрунзе: Кыргызстан, 1982. - 90,98-беттер.

тиешеси бар бардык адамдар атылууга тийиш…»айтылган.Бул токтом кабыл алганга чейин эле саясий мотивдер боюнча көптөгөн адамдар атылган. Күнөөлөнгөндөрдүн үстүнөн олуттуу коркунуч туулган. Эң негизги фигура болуп А.Сыдыков эсептелген.

Х.Хасанов өзүнүн арызында күнөөлөнгөндөр жөнүндө төмөнкүдөй жазган: «Гражданин Абдулкарим Сыдыков,баарына белгилүү болгондой, мурда уездик башкармада тилмеч болуп иштеп, ал кызматта оңой оокат табууну жакшы көргөн жана карапайым кыргыздардын колунда болгонун сыгып алуучу катарында абдан эле атагы чыккан неме. Уездик башкармалыкка кимдин гана иши түшпөгөн.Убактылуу өкмөттүн убагында бир топ манаптар тарабынан уездик комиссарга шайланып, дайыма манаптар менен кулактардын кызыкчылыгын турмушка ашырып келген. Кийинки мезгилде большевизмге каршы тымызын агитатор, демек жашап жаткан Совет бийлигинин идеяларын жокко чыгаруучу. Караңгы кыргыз калкын большевизмден ажыратууну көздөп,алардын алдында большевизмдин идеяларын таза каракчылык духта сүрөттөйт…Жакында эле ал Койбагаров Акматбек жана Азимбек Сагынбаев менен бирге Советтин атынан Түлөберди, Күнтуу жана Канай болуштугундагы кыргыздардан 220 кой алып, үчөө бөлүп алышкан…Акыркы сңезд бүткөндөн кийин (Пишпек уездинин Депутаттар советинин сңезди) Абдулкерим Сыдыковдун үйүнө түнкү саат 12де манаптар жашыруун кеңешмеге чогулушту…(андан ары айыпталгандардын фамилиялары саналган) да көпкө чейин тымызын аңгемелешти. Бир аздан соң пролетариаттын кыргыз союзунун төрагасы Кызай Калбаевди (кадыр-барктуу большевиктик ишмер) чакырып алышып,бардык кыргыз пролетариаты менен большевиктик партиядан кетүүгө жана солчул эсерлер партиясына жазылууга кеңеш беришет: Жакында большевизм кулайт, анткени большевиктердин тактикасы бардыгын тажатты. Азыр казак орустар келатат, жакында большевизм түтүндөй тарап жок болот, ошондуктан ал партияны таштап солчул эсерлер партиясына жазылгыла. Мына сага Кызай Калбаев бизден 2000 сом. Эгерде большевиктерден кетсең биз сени төрага кылабыз да, жакында сыйлык акча беребиз дешкен. Ал жерде Кызай Калбаевден башка дагы Ыбрайым Курманов, Ыбрайым Тулинов, Акмат Түлкүбаев, Аманкул Дулатов, Ысмайыл Дөнөнбаев, Хисамүдүн Худайбергенов, Токтомуш Оторбаев болушкан, алар жогоруда көрсөтүлгөн провокациялык иштерге күбө өтүшөт[2]».

Жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында Ревтрибунал Х.Хасановдун негизсиз арызынан башка эч нерсе далилденген жок деген чечимге келген. Хасанов келтирген күбөлөрдүн баарысы: коллегияда сурак жүргүзүүнүн алдында Хасанов бизди кеңсесине чакырып келип, ар бирибизге 100 сомдон акча берип, анын айыптаган арызын колдоону өтүнүп, айыпталгандар кесилгенден кийин алардын үй-мүлкүн конфискациялап, күбөлөргө берем деп убада кылган дешкен. Тергөө секциясы 1918-ж. 11-октябрдагы токтомунда (№ 18,1) айыпталгандарга каршы эч кандай далилдер жок деп тыянак чыгарган.

Хасановдун күбөлөрдү сатып алууга жасаган аракети жөнүндө материалдар тергөө үчүн Пишпек уездинин 1-участкалык судьясына жиберилет. Ошентип, А.Сыдыковду жазалоонун алгачкы аракети ордунан чыкпай калган. 1918-ж. декабрда Беловодски козголоңунда Хасанов, Бообеков жана Бапаков козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөн.

Бир канча жылдан кийин, 1924-ж. А.Сыдыковду Беловодскидеги көтөрүлүштү даярдаган жана жогорку партиялык активисттердин өлүмүнө тиешеси бар деп айып тагууга аракет кылышкан. Ал арыздын авторлору анын саясий каршылаштары Р.Кудайкулов, К.Айтбаев жана Д.Бабаханов эле. Окуянын изи сууй элек кезде А.Сыдыковдун козголоңго тиешеси бар деп айыптоо эч кимдин оюна келген эмес.

А.Сыдыковдун үстүнөн болгон биринчи сот процессинин көрүнүктүү жагы - ал трагедиялуу 30-жылдардагы Кыргызстанды бүт бойдон кучагына алган чуулгандуу саясий иштердин башталышы болгонунда. «Балта алууга» чакырган идеология бирден-

[2] Курманов З., Садыков Э. Абдыкерим Сыдыков: личность и история. – Бишкек: ШАМ, 2002.- С. 34.

бир «туура» жана бардыгынан күчтүү болгон мезгил али алдыда болчу.

Адабияттар:

1. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын тарыхынын очерктери - Фрунзе Кыргызстан. - 1982.
2. Курманов З., Садыков Э. Абдыкерим Сыдыков: личность и история. –Бишкек: Шам, 2002.
3. Плоских В, Курманов З., Бегалиев У. Кыргызстандын улуттук лидери Абдыкерим Сыдыков. – Бишкек, 1999.